DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2020

***ФИЛОСОФИЯ ИЛИМДЕРИ***
***ФИЛОСОФСКИЕ НАУКИ***
***PHILOSOPHICAL SCIENCES***

*Токоева Г.С.*

# ДООРОНБЕК САДЫРБАЕВДИН ДҮЙНӨ ТААНЫМЫНДАГЫ ТАГДЫР ЖАНА ТААЛАЙ МАСЕЛЕСИ

*Токоева Г.С.*

# ПРОБЛЕМЫ СУДЬБЫ И СЧАСТЬЯ В МИРОВОЗЗРЕНИИ ДООРОНБЕКА САДЫРБАЕВА

*G.S. Tokoeva*

# THE QUESTION OF FATE AND HAPPINESS IN THE WORLDVIEW OF DORONBEK SADYRBAEV

*УДК: 101.1.316/356.2*

*Макалада түрк элдерине кеңири таанымал инсан Дооронбек Садырбаевдин дүйнө таанымындагы тагдыр жана таалай түшүнүктөрү талдоого алынды. Тагдыр жана таалай түшүнүктөрү анын "Тагдыр сатылат" жана "Жарым сындырым таалай" деген чыгармалары аркылуу изилдөө тапты. "Тагдыр сатылат" пъеса-монологу Түркияда түрк тилине которулуп, сахналаштырылган. Аталган чыгармаларда ойчулдун философиялык ой жүгүртүлөрү, анын ичинде тагдыр түшүнүгүнө карата жеке көз карашы жана жалпы эле түрк дүйнөсүндөгү анын орду анализге алынды. Ал эми "Жарым сындырым таалай" чыгармасында таалай жана тагдыр түшүктөрүнүн Д.Садырбаев тарабынан чечмелениши жана түрк философиясынын өзгөчөлүгү талданды. Ошондой эле тагдыр адам болмушунун реалдуулугу, жеке индивидге гана таандык, башкаларга окшобогон, кайталангыс жашоосу экендиги чагылдырылат. Ар бир адамга таандык болгон тагдыр инсандын жашоосунун агымы жана өзгөчөлөнгөн болмушу, адам жашоосуна таасир этүүчү жана анын жашоосунун сапатын аныктоочу ар түрдүү кырдаалдардын жана окуялардын насип кылынышы катары изилденет.*

***Негизги сөздөр**: ойчул, инсан, тагдыр, таалай, дүйнөтааным, түрк дүйнөсү, түрк философиясы, жашоо, өмүр, адам болмушу.*

*В этой статье рассмотрены понятия судьбы и счастья в мировоззрении широко известного среди тюркских народов Дооронбека Садырбаева. Понятия судьбы и счастья были проанализированы посредством его произведений «Продается судьба» и «Кусочек счастья». Пьеса-монолог «Продается судьба» была переведена на турецкий язык и инсценирована в Турции. В вышеназванных произведениях были взяты для анализа философские мысли, в том числе личный взгляд мыслителя о представлении судьбы и его места в целом тюркском мире. А в произведении «Кусочек счастья» Д.Садырбаев подробно разобрал значения понятий судьбы и счастья, а также особенности тюркской философии. А также судьба человека анализируется как реальность бытия индивида, как неповторимая, индивидуальная жизнь отдельного человека. Судьба человека как течение жизни и как индивидуальное бытие сопровождается различными событиями и обстоятельствами.*

***Ключевые слова**: мыслитель, человек, судьба, счастье, философия, мировоззрение, тюркский мир, тюркская философия, существование, жизнь, бытие человека.*

*This article discusses the concepts of fate and happiness in the worldview of Doronbek Sadyrbaev, who was widely known among the Turkish peoples. The concepts of fate and happiness were analyzed through his works "Fate is for sale" and "A piece of happiness". The monologue play "Fate for Sale" was translated into Turkish and staged in Turkey. In the abovementioned works, were taken for analysis the philosophical thoughts, including the personal view of the thinker on the representation of fate and its place in the whole Turkic world. And in the piece "A Piece of Happiness" D. Sadyrbaev examined in detail the meaning of the concepts of fate and happiness, as well as the features of Turkic philosophy. And also the fate of a person is analyzed as the reality of an individual's being, as a unique, individual life of an individual. The fate of a person as a course of life and as an individual being is accompanied by various events and circumstances.*

***Key words**: thinker, man, fate, happiness, philosophy, worldview, Turkish world, Turkish philosophy, existence, life, being of a person.*

Кыргыз элинин маданий жана саясий чөйрөсүндө белгилүү инсан Дооронбек Садырбаевдин 80 жылдык юбилейине карата анын дүйнөтаанымынын кээ бир аспектилерин талдоо максатында ушул макала даярдалды. Бүгүнкү күндө Д.Садырбаевдин кыргыз искусствовуна жасаган эмгеги боюнча айтсак болот, анын Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



бир нече чакырылыштагы депутаты катары сөз кылсак ага да татыктуу инсан. Бирок биз ал жагына кайрылган жокпус, анткени аны маданиятка кошкон салымын искусство тармагынын билермандары, саясий ишмердүүлүгүн саясат таануучулар жазганы оң деген ойдобуз. Ал эми биздин баяндаманын ушундай аталышына эмне себеп болгонуна токтоло кетели.

Өтүнүчүм менен кесиптешим аркылуу колума профессор К.Конкобаевдин редакторлугу астында жарыкка чыккан "Садырбаев Д.: Даанышман. Чыгармалар жыйнагы: 5 томдук" деген эмгектин 1-тому колума тийип калды. Аталган томдукта Д.Садырбаевдин көркөм кара сөз чыгармалары жарыяланыптыр. Китептин көлөмү жана жасалгаланышы жагынан салмактуу эмгек болуптур. Китептин жарыкка чыгышына эмгек жумшагандарга абдан ыраазы болдум. Анткени А.Токомбаев айткандай "эл эмгектен эскерип", Д.Садырбаевдин жасаган эмгегин ушул 5 томдук аркылуу таанууга мүмкүнчүлүк түзүлүптүр. Бирок учурунда айта кетпесем, "сөздүн атасы өлөт" деген улуу акылмандык бар эмеспи, китепте бир топ эле техникалык мүчүлүштүктөргө жол берилиптир. Илимий чөйрөдө айтылып жүргөндөй менин бул пикирим эмгектин баалуулугун төмөндөтпөйт, болгону редакциялык жамаат ушуну эске алаттыр деген ойдо айтып коюну туура көрдүм.

Дооронбек Садырбаевдин бейнесин таанууга бул китеп чоң жардам берди. Мага өзгөчө таасир калтырган "Жарым сындырым таалай" жана "Продается судьба" ("Тагдыр сатылат") деген чыгармалары болду. (Акыркы чыгармасы китепте орус тилинде жарыяланыптыр, ошондон улам аталышын орус тилинде жаздым).

Д.Садырбаевдин "Жарым сындырым таалай" повести аты айтып тургандай адам жашоосун, бул дүйнөдөгү бакты-таалайын, кайгы муңун, жашоодогу оош-кыйыш тагдырын чагылдырат. Ал эми "Продается судьба" деген көркөм-публицистикалык пъесасы А.Алянчиков тарабынан орус тилине которулган варианты жарыкка чыккан. Котормонун автору белгилегендей Д.Садырбаев Жогорку Кеңешке депутат болуп шайлангандай кийин көркөм чыгармачылыкка такыр убактысы болбой, бир күнү А.Алянчиковду чакырып, "Продается судьба" деген пьесасын орус тилиндеги окурмандарга анын которушун сунуш кылат. Анткени аны убактысынын тардыгынан жана ички жан дүйнөсүнүн абалынан улам орус тилине которуу мүмкүнчүлүгү жок экендигин айтат. Түрк тилине түрк которгондугун, орус тилине чыныгы орус которушун суранат. Котормочу Д.Садырбаевге мындай дейт: "Мени бир нерсе ойлонтуп жатат. Адамдын тагдыры Кудурети күчтүү кудай тарабынан берилет го, ал эми пъесанын каарманы аны сатып жатат...". Бул суроого ал: "Ошто Кыргыз Республикасынын биринчи Президентинин чапанын жана калпагын аукционго коюп сатышыптыр. Эгерде тирүү турган Президент ушундайга жол берип жатса, карапайым эл эмне кылат. Чынын атканда бизге көп нерсе бекерге эле берилди, биз ойлонбой эле сатып жатабыз, ал бизге эмес, биздин урпактарга таандык. Ал эми менин каарманымдын келечеги жок, мен мындай тагдырды өзүмдүн республикама, менин калкыма каалабайм", - деп жооп берет.

Пьесанын жаралыш тарыхы да өзүнчө кызык болгон. Автордун айтымында аны жазуу идеясы 1987-жылы жаралган. "Вечерний Бишкек" газетасына "Роман сатылат" деген жарыя чыгат. Жарыя боюнча барышат, кол жазманын автору улгайып калган аял экендигин билишет. Ошонун таасири астында аталган пъеса-монологду 1992-жылы жазып бүтөт. Аны Туркияда түрктөр сатып алып аягында роман саткан адам өз жанын кыйбайт, бир тууганы катары түрк жардамга келип, кыргызды сактап калат. Бул идея аркылуу түрк дүйнөсүндөгү философиянын өзгөчөлүгүн көрөбүз. Боордоштук, кыйбастык, кыйын учурда бир боор катары жардам бергендик түрк философиясындагы негизги идея экендигин айгинелейт. Түрк дүйнөсүндөгү маданияттын, философиянын жалпылыгын ушул чыгармадан көрөбүз. Кыргызстанда жарык көргөн ушул чыгарманын орус тилиндеги котормосунда башкы каарман өз жанын өзү кыят.

Аталган чыгармаларда тагдыр жана таалай түшүнүктөрүнүн Д.Садырбаев тарабынан андап билинишин талдай турган болсок, буларга карата ой туюму, көз карашы өзгөчөлөнгөн тааным деп айтса болот. Пьесанын каарманы улгайып калган советтик доордо жашаган инсан, окуя Кыргызстандын борбор шаары – Бишкекте өтөт. Автобустар токтоочу аялдамада ал өзүнүн колтугуна кысып алган папканы – жеке тагдырын сатууну жарыялап отурат.

Д.Садырбаевдин түшүнүгүндө тагдыр – бул жаркын маанайларга жана кайгы-капалуу тарыхка жык толгон адам жашоосу [1, 543]. Ар бир адамдын тагдыры ар башка, жеке инсандын тагдыры жалгыз гана өзүнө таандык, ал өмүр бою топтолгон баалуулук. Мына ошону сата тургандыгын каарман аялда-мада элге сунуштап жарыялап отурат. Каармандын ушул иш-аракети аркылуу Д.Садырбаев социалисттик системаны, жаңыдан пайда болгон демократиялык кайра курууларды сынга алат. Адам тагдырында акча башкы орунда болгон учурда анын жан дүйнөсүнөн кең пейилдик жана адамгерчилик жокко эсе болорун

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



эскертет. Адам материалдык жактан кыйналган учурда өмүр бою топтогон материалдык жана руханий байлыгын сатууга даяр болот. Пьесанын каарманы советтик доордо топтогон байлыгынын баарынан ажыраган, акыркы калган байлыгы эки медалын арзыбаган акчага сатып, өзү селсаяк сыяктуу жашап, оорукчан аялын багуунун аракетинде жүрөт.

Д.Садырбаев адамдын тагдырын жашоонун казанында кайнаган ачуу-таттуусу, кайгы-кубанычы, көбүрөөк көз жашы төгүлгөн чындык деп билдирет. Тагдырдагы кубанычтуу жагдайлар – анын балдары, жашоодогу жетишкен ийгиликтери. Тагдырдын бул позитивдүү жагын каармандын баласына үмүт артып жашооосунан көрөбүз. Жалгыз баласы үйлөнүп аларды багат деген илгери үмүт менен жашап жүрүшкөн. 25 жашында илимдин кандидаты болгон, 28 жашында доктордук диссертациясын коргоонун алдында турган баласы киши колдуу болуп жарык дүйнө менен коштошот.

Чыгармада тагдырдын өткөн чагы, учуру жана келечеги боло тургандыгын айтат. Өткөн тагдыр – өзгөрбөйт, учурдагы тагдыр – өтө кайгылуу, келечек тагдыр – өлүп жок болгондугун эскертет.

Пьесада каарман күндө келчү жерине адаттагыдай эле келет да, өзүнө жана аялына жаназа окуйт. Бул күнү ал өзү таштап кеткен папканы алып кетүүгө келет. Аны жыртыш, мүчө катары таратууну чечет. Үйдөн чыгаарда бардык эшик терезелерди жаап, газды ачып коюп үйүнөн чыккан, ал папкасын алып барып өзү да аялы менен кошо бул дүйнө менен кош айтышат.

Бул аркылуу автор тагдырдын кайталангыс, өзүнчөлүгүн, жекелигин эскертет. Ал эми “Жарым сындырым таалай” деген повестинде тагдырды таалай менен байланышта талдоого алат. Тагдыр – бакты-таалай менен коштолгон кубаныч жана кайгыга жуурулушкан турмуш чындыгы, адам болмушунун көрүнүшү. Д.Садырбаев минтип жазат: “Ушундай өйдө-ылдыйы, ачуу таттуусу болгонунан аны турмуш деп коет да. Ар кимдин өз таалайына жараша көрөөр күнү, ичээр суусу болот турбайбы” [1, 342].

Анын пикиринде бакты-таалай – материалдык жана руханий жактан канааттануу, ички жан дүйнө менен сырткы келбеттин, жашоо турмуштун дал келүүчүлүгү, жашоого жана анын шарттарына карата ырахаттануу.

Демек, тагдыр – адам болмушунун реалдуулугу, жеке индивидге гана таандык, башкаларга окшобогон, кайталангыс жашоосу. Инсандын жашоосунун агымы жана өзгөчөлөнгөн болмушу. Адамдын жашоосуна таасир этүүчү жана анын жашоосунун сапатын аныктоочу ар түрдүү кырдаалдардын жана окуялардын насип кылынышы. Тааным теориясында тагдырды таанып билүүнүн алдын ала аңдап билинбеген, жашоонун бардык чөйрөсүн камтыган тоталдуу жана ишмердиги менен өз тагдырын өзү жасай ала турган мүнөздөлүшкө ээ экендигин белгилешет.

Д.Садырбаев “Жарым сындырым таалай” деген повестинде адам тагдыры – бул бакыт, жашоонун түрдүү абалда көрүнүшү, таалайдын чыгылышы деп билдирет. Ошол эле учурда, тагдыр – бул адам жашоосундагы азап-тозогу, кайгылуу күндөрү, ирээнжиген көңүл калуулары. Демек, ойчулдун көз карашында адам тагдыры анын бактысы, таалайы, жана да жашоосунун бактысыз күндөрү. Чыгармадагы каармандардын образдары аркылуу түрдүү тагдырга ээ болгон инсандар менен таанышабыз. Назгул ата-энеси, жакындары, курдаштары, кесиптештеринин арасында бактылуу болгону менен махабаттан таалайы болбогон инсан. Ал эми Нур жашоону кыйынчылык менен өткөргөн, бала кезинен турмуштун оор күндөрүн кечирген, ийгиликке кыйынчылык менен жетишкен, коомдогу, эмгек ишмердигиндеги бактылуу күндөрү анча көп болбогон жан. Чыгармада: “Акыры “менин таалайым, жалгыз гана ушунун колунда, ансыз жашоом кызыксыз” деп жазылат. Бул Нурдун аялы Гулайымдын ойлогон максатына жетүүсүнүн, каалаган тилеги орундалгандыгынын, таалай-багы ачылгандыгынын күбөсү. Бирок, Гулайымдын бактысы, каалоо тилеги муну менен эле чектелип калган жок. Нурга турмушка чыккандан кийин деле тагдырына ыраазы болбоду, анын башка ой тилеги орундалбай жатты. Нурдун аялына айткан мындайча кеби бар: “Көрбөйсүнбү, биз эң оболу “эчтекеден” баштаган элек, эми мына үстүбүздө үйүбүз, үйүбүздө эл катары тиричилигибиз бар. Жакында жакшылыгына айланып, “Чарчаган үнду” тарта баштасам, менин да эңсегеним ордунан чыгып, сенин да мүдөөң толот” [1, 301]. Мындан улам жыйынтык чыгарууга болот: адамдын таалайы жашоону жок нерседен баштоо, кичине ийгилик жаратуудан баштап, чоң-чоң жеңиштерге жетишүү дегендик.

Демек, адам жашоосу ар дайым, ар түрдүү керектөөгө муктаж болуп турат, ал муктаждыгы, керектөөсү канааттандырылгандан кийин дагы жаңы муктаждык жаралат. Бул кубануу же кайгы менен коштолуп отурат, ал анын бакты-таалайынын жүрүш жолу, жашоосунун көрүнүшү, тагдыры.

Кыргыз элинин философиялык салтына кайрылсак тагдыр маселесин көптөгөн философтор, ойчул-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



дар талдоого алат. Алыс барбай эле Дооронбек Садырбаевдин замандашы, залкар жазуучу Чыңгыз Айтматовдун "Тоолор кулаганда" романын алалы. Анда мындай сөздөр менен башталат: "Жан бүткөндүн баары үчүн дайыма бирдей болгон талашсыз бир чындык бар – маңдайына жазылганды, тагдыр деген эмне экенин алдын ала эч ким биле албайт – кимге эмне буйруганын жашоо гана көрсөтөт, болбосо тагдырдын тагдыры кайсы" [2, 3]. Ч.Айтматов тагдырга карата философиялык ой жүгүртүп: тагдыр – бул сырдуу, табышмактуу кубулуш, адамдын акылынын чегинен тышкары болгон, "жараткандын кудуретине да баш ийбеген", алдын ала таанууга болбой турган реалдуулук катары белгилейт. "Тагдыр сыры баары жана ар бири үчүн кылымдан кылымга, күндөн-күнгө, ар бир саат жана ар бир мүнөттө табышмак бойдон калууда" [2, 3] - дейт. Чыңгыз Айтматов тагдырды алдын ала аныкталбаганы менен алдыдагы нерсенин жышааны болорун айтат.

Тагдырга карата Ч.Айтматов журналист, адабиятчы П.Дүйшөбаев менен болгон маегинде мындай дейт: "...эч кимдин тагдырын бирөө күн мурунтан даярдап, чиймесин сызып койбойт. Ар кандай адамдын тагдыры өзүнүн инсандык сапаттарына, чөйрөсүнө, аракетине жана сырткы шарттарга жараша калыптанат. Тагдыр ушундай экен деп жоопкерчиликти ага жүктөп салган туура эмес" [3, 485].

Ч.Айтматов сыяктуу Д.Садырбаев да тагдыр жеке адамга тиешелүү болгон, ага гана берилген реалдуулук деп билет. Тагдырдын болмушуна адам белгилүү бир деңгээлде себепкер болот, анын барлыгын, бар болуп тургандыгын аңдап билип, жүрүшүн башкаргандай болот. Тагдыр философиялык эмгектерде жогорку күч менен байланыштырылып, диндик-идеалисттик түшүнүк катары берилет, ал адамдардын жашоосундагы бардык окуяларды алдын ала аныктайт. Гректерде Мойр, римдиктерде – Парки кудайы айтылып келген. Кийинчерээк тагдыр дүйнөнү башкарган жогорку адилеттүүлүк деген элестөөлөр пайда болот (гректерде Тихе, Немезида). Христиан дининде тагдыр Кудайдын өнөрканасы, жогорку күчү катары берилет. Азыркы учурдагы бардык диндик окууларда тагдыр кудай тарабынан алдын ала аныкталгандык деп түшүндүрүлөт. Философиядан сырткары караганда тагдыр адам жашоосундагы түрдүү кырдаалдардын агымы катары билдирилет.

Ошентип, аталган "Тагдыр сатылат" чыгарманын каарманы жана "Жарым сындырым таалай" деген повестиндеги каармандардын кээ бирлери тагдырга жараша жалгыз калышты. Назгул канчалык ийгиликтин ээси болсо да өзү сүйгөн адамына жетпеди, аны жакшы көргөн адамы Зарлык менен бирге болбоду.

Д.Садырбаев боюнча жалгыздык адам тагдырынын дагы бир көрүнүшү. Өмүрдүн өтүшүндө, тагдырдын жүрүшүндө жалгыздык ар дайым коштоп жүрөт, ошондуктан өмүрдү баалаш керек, анткени ал – кайталангыс баалуулук. Анын баасы тууралуу Ч.Айтматов минтип жазат: "Өмүрдүн баасы ишенимде. Ар бир адамдын купуя ишеними бар, ал ишеним кайсыдыр жакшылыкка, тазалыкка, ал гана эмес, качандыр бир убакта бу дүйнөгө келээрине үмүт арткан ой-кыялга салат. Адамда ишеним болбосо ага күн да, түн да, ай да, жашоо да тек гана кунарсыз жашоонун бир жасалгасындай көрүнөт. Өмүрдүн чыныгы көркөмү – ишеним, бактысы да – ишеним. Ишеним дегенде гана көр пенделик ишеним эмес, ал деген бу дүйнөнүн баалуулуктарына болгон ишеним, улуу баалуулуктарга болгон ынаным. Ошол баалуулуктардын бири – өмүр. Өмүрдүн баасы баалуулугунда" [3, 487].

Бирок, Д.Садырбаевдин жогоруда аталган чыгармаларында өмүргө ишенүү үмүтү үзүлдү, жашоонун бүлбүл жанган чырагы өчтү, анткени өзүнүн тагдырын сатып жаткан адамдын жакын адамдары калбады: жалгыз баласынан айрылды, өмүрлүк жары да ооруп, өлүм алдында турат, өз жанын кыйгандан башкага аргасы жок. Бир гана өлүм аны тагдырдын азабынан, кайгы-муңунан сактайт.

Д.Садырбаевдин пикиринде адамдын өлүмү – тирүүлүктөн кетиши. Ал эми тирүүлүк - жашоонун көрүнүшү. Тирүүлүк – барлык, жашап тургандык, адамдын реалдуулугу. Тирүүлүк – адам таалайы, өзгөчө баалуулук жана асылдык, ал барлык, бар болуп тургандык, адамдын реалдуулугу, анда зарылдык жана кокустук, мүмкүндүк жана чындык жашайт.

Демек, Дооронбек Садырбаев – замандын заркар инсаны, түрк дүйнөсүнүн жаңычыл идеяларын сунуштаган ойчулу, түрк философиясына жеке салымын кошкон философ деп айтсак жаңылбайбыз.

**Адабияттар:**

1. Садырбаев Д. Даанышман. Чыгармалар жыйнагы: 5 томдук". 1-том. Көркөм кара сөз чыгармалары. / Түз. жана жооптуу ред. К.Конкобаев. - Б.: "Д.Садырбаев фондусу". - 2017. - 576 б.
2. Айтматов Ч. Тоолор кулаганда. / Которгондор: Б.Сыдыкова, Ж.Жөкүшова. - Б.: "Зээн", 2011. - 3-б.
3. Айтматов Ч. Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы. - Т. 8. - Б.: "Учкун", 2009. - 485-б.